**Ош мамлекеттик университетинин окуу-методикалык кеңешинин кезектеги жыйынынын № 1 протоколу**

**2025-ж. 18.09.** **Ош шаары**

Төрага – Р.Н. Арапбаев
Катчысы – М.Т. Нурмаматова
Катышкандар – ОСМКБнын адистери жана ОМК мүчөлөрү (катышуу барагы тиркелет)

**Күн тартибинде каралган маселелер:**

1. 2024-2025-окуу жылындагы ОСМКБнын ишмердүүлүгүнүн жана ПО курамдын жылдык рейтингинин жыйынтыгын таануу боюнча комиссиянын отчету (Былыкова М.)
2. Структураларда ОМК мүчөлөрүнүн, окуу-усулдук басылмаларды экспертизалоо боюнча комиссиянын курамын бекитүү (Былыкова М., Розыкова М.)
3. ОСМКБнын планын талкуулоо жана түзүмдөрдүн ОМК төрага/төрайымдарынын 2025-2026-окуу жылында аткаруучу иштеринин пландарын бекитүү (Нурмаматова М.)
4. ПО курамдын ОМКсынын 2025-2026-окуу жылына карата даярдыгына мониторинг жүргүзүү (М.Былыкова)
   Ар түрдүү маселелер

**1.Угулду**: Р.Н. Арапбаев – Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер? Жаңы окуу жылыңыздар менен чын дилден куттуктайм! Бул жаңы окуу жылында баарыңыздарды жаңылыктар менен тааныш болууга, кабардар болуп, университеттин өнүгүүсүнө салым кошууга чакырат элем. Университетибиздин 2025-2030- жылдарга өнүктүрүү программасы талкууланды. Академиялык башкаруу жана педагогикалык кадрларды даярдоо боюнча багыттарда түзүлдү. Академиялык башкарууда бизде УМО боюнча стандарттар иштелип чыкты. Эң негизгиси, кредиттик технология менен иш алып барып атабыз. Министрдин орун басары иштеп чыккан программалар менен биздин жамаат 80-90% тааныш деп эсептейм. Биз, сиздер менен, жамаатка методикалык жардам бере турган органбыз. Эрежени так кармап толеранттуулукту көргөзүп, мотивация берип, жардамдашып иштешебиз. ПО курамга жеткириңиздер, студенттер менен иштөөнүн жаңы түрүнө ылайыкташалы. Мурда мугалим “единственный источник информации” болчу, ал эми азыр студент менен окутуучу өнөктөш болушу керек. Коюлган РОго жеткирүүдө ошол вариант оңтойлуу экендигин эсиңиздерге салам. ОшМУ – тарыхы терең, ырыскысы кенен университет. Ошондуктан жалпыңыздарды жакшы иштешип кетүүгө чакырат элем. Рахмат! Ишиңиздерди ийгилик коштосун!

**М.М. Былыкова:** 2024-2025-окуу жылындагы ОСМКБнын ишмердүүлүгүнүн жана ПО курамдын жылдык рейтингинин жыйынтыгын таануу боюнча комиссиянын отчетун берди. (Шилтеме тиркелет) Биз өткөн окуу жылында 7 штаттык бирдик менен 11 багытта иш алып бардык. Сиздер менен алып барып аткан өзүнчө багыт болуп берилген. Конкурстарды өткөрүп жыйынтыктарын чыгардык. Студенттик олимпидаларды өткөрүп, барып катышып келдик, жыйынтыктарын чыгардык. Аккредитациялоо боюнча сиздердин жардамыңыздар менен ОМКлардын абалына жана сабактарына анализ берилип чоң жумуштарды аткардык. Окуу басылмаларды ОКга сунуштоо боюнча иш алып бардык. МАКтын суроо-

тапшырмаларынын сапатын жакшыртуу боюнча иш алып барылды. 11- багыт рейтинг боюнча маалыматтык анализ берилди. 15 жобо иштеп чыкканбыз, аларды сайттан таап алсаңыздар болот. Ссылкалар боюнча кирип маалыматтарды алсаңыздар болот.

**1.Сөзгө чыкты**: Ж.Раимбердиева – рейтинг толтурбай койгондор бар. Аларга саат берилеби?
**М.М. Былыкова**: Саат эсептерин кафедра, ПЦК башчылар өздөрү караштырып чечишет.
**1.Сөзгө чыкты**: А. Жумабаева – рейтингди колледждер менен бакалавлар үчүн айырмалуу кылса болобу деген суроо көп болуп атат. Анткени колледждерде илимге анчалык көп көңүл бурулбайт.
**М.М. Былыкова**: Бул маселе жобо иштеп атканда да көтөрүлгөн, бирок жобо баарына бирдей. Жобо боюнча иш алып бара бериңиздер.

**2.Угулду: М.М. Былыкова** - Жамаатты жаңы окуу жылы менен куттуктап, ОМКнын жаңы курамы менен тааныштырды. ОМК төрага-төрайымдарынын өткөн окуу жылындагы ишмердүүлүгү тууралуу ПО курамдан алынган сурамжылоонун натыйжасы менен ФМАК жана МФТИТ институттарынын төрайымдары алмашып, алардын ордуна Н. Эрмекбаева жана Н. Абдирайимовалар келгендигин белгиледи. Ал эми Өзгөн медколледжинин төрайымы декреттик өргүүгө чыгып ордуна З. Жаанбаева жана Ош медколледжинин төрайымы өз каалоосу менен бошоткондугуна байланыштуу А.Арзиева келгендигин айтып өттү. Дене тарбия бөлүмүнүн төрайымынын кафедра башчы болуп дайындалгандыгына байланыштуу, ордуна Г. Турдуматова келгендигин белгиледи. Ал эми университетке жаңы кошулган айыл чарба жана курулуш колледжеринен Т. Эралиева жана Д.Кушбаковалар дайындалганын айтты. Ошондой ОСМКБнын да курамы жаңылангандыгын баса белгилеп, Н. Эгембердиеваны, Ө. Шаимкулованы, Б. Сайпидиноваларды жамаатка жаңы кошулушу менен куттуктады. Ошентип, ОМК курамын толукталгандыгын жана аны бекитүүнү сунуш кылды. Баары колдошту.

**3.Угулду**: М. Нурмаматова – ОСМКБнын 2025-2026-окуу жылына түзүлгөн иш планы менен тааныштырды. (Иш план тиркелет) Айрыкча жаңы кошулган пункттарга токтолду. Талкууга катышууга чакырды. Ал эми ОМК төрага-төрайымдарынын иш пландарына тактоолор жана толуктоолор киргизилди. (Бардык ОМК төрага-төрайымдарынын иш пландары тиркелет)
**М.М. Былыкова**: Иш план боюнча сиздерге тапшырма көп. Түзүмдөрдөгү ар бир кафедралардагы (бөлүм, ПЦК) усулдук кеңештин жооптуулары менен жакындан иш алып барып, бул жактагы иштер ар бир окутуучуга жетип оперативдүү иштешиңиздерди суранып кетет элем. Сиздер да ар бир усулчуңуздардын ишине анкетирлөө жүргүзүп, ишти жандандырыңыздар.

**4.Угулду**: М.М. Былыкова - ПО курамдын ОМКсынын 2025-2026-окуу жылына карата даярдыгына мониторинг жүргүзүү боюнча күн тартибине коюлду. Негизи бул маселе жыл бою каралыш керек. Биз Казакстанга Казак мамлекеттик кыздар педагогикалык институтуна барганда, алардын ОМКларын маалыматтар базасында сакташат экен. Ошол эле системадан бүт түзүмдөрдүн кафедралары боюнча көрүнүп турат. Мониторингди ошентип жүргүзсө да болот экен. Бизде азырынча андай мүмкүнчүлүк боло элек. Айтибек Абдрасулов менен биргеликте түзүп жетишебиз деп иш планга киргиздик. Ал эми сырттан, дистанттык окутууларда МООС платформасы менен иш жакшы жолго коюлган. Күндүзгү окуу бөлүмгө да ушул платформасын колдонсок жакшы болот эле. Ошентсе да, азыр сабактар башталып аткан учурда ОМКлар баары каралып, бекитилип, сабактарга

киргизилиш керек. Ушул ишти колго алып, баарыңыздар киришиңиздер. Биз да сентябрдын аягында мониторинг жасайбыз. График боюнча түзүмдөргө барабыз. ДОМКда ар бир окутуучу сиздер менен макулдашып, кафедра башчысына бекитишет эмеспи. Демек, жамааттын ОМКсынын сапатына сиздер жооп берип каласыздар. Ошондуктан ушул маселени тыкыр карап кол коюңуздар. Сабактарга ОМКлары даяр болсун. Методикалык жардам керек болсо кайрылыңыздар. Методист-координаторлор дайыма көмөктөшүүгө даяр.

**4.Сөзгө чыкты**: М.Нурмаматова – Жаңы кошулган айыл чарба жана курулуш колледжеринин ПО курамына барып, семинар өтүп келүүнү туура таптык. Сиздер окутуучулардын катышуусун камсыз кылып берсеңиздер, убакытты белгилеп барып жамаатка ОМК тууралуу семинар өтүп келели.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып жыйын төмөнкүдөй

**Токтом кылат:**

1. 2024-2025-окуу жылындагы ОСМКБнын ишмердүүлүгүнүн жана ПО курамдын жылдык рейтингинин жыйынтыгын таануу боюнча комиссиянын отчету тууралуу М.Былыкованын маалыматы эске алынсын.
2. ОшМУнун ОМК мүчөлөрүнүн курамы бекитилсин.
3. Окуу-усулдук басылмаларды экспертизалоо боюнча комиссиянын курамы бекитилсин.
4. ОСМКБнын иш планын бекитүү окумуштуулар кеңешинен суралсын.
5. Түзүмдөрдүн ОМК төрага/төрайымдарынын 2025-2026-окуу жылында иш пландары бекитилсин.
6. ПО курамдын ОМКсынын 2025-2026-окуу жылына карата даярдыгына мониторинг график боюнча жүргүзүлсүн.

Төрага Р.Н. Арапбаев

Катчы М.Т. Нурмаматова

## КАТЫШУУ БАРАГЫ 18-Сентябрь 1- отурум

| № | Аты-жөнү | Түзүмдөр | Телефон № | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Арапбаев Руслан Нурмаматович | Окуу иштер боюнча проректор | 0777184347 | |
| 2. | Былыкова Махабат Максатовна | ОСМКБнын башчысы | 0558242322 | |
| 3. | Розыкова Мавлюда Баратовна | Башкы адис | 0550772563 | |
| 4. | Эгембердиева Нуржамал Аманбековна | Башкы адис | 0551423631 | |
| 5. | Нурмаматова Мейликан Тагайбековна | Методист-координатор | 0772077000 | |
| 6. | Шаимкулова Өмүркан Раимбердиевна | Методист-координатор | 0755554256 | |
| 7. | Сайпидинова Бүсанам Абдикайымовна | Методист-координатор | 0772824113 | |
| 8. | Камалова Айнура Рыспаевна | Инспектор | 0550435735 | |
| 9. | Абдусатар кызы Ширин | Инспектор | 0222009205 | |
| 10. | Жумаев Нурбек Жапаралиевич | Филология жана маданияттар аралык коммуникациялар | 0773105556 | |
| 11. | Эрмекбаева Нуржамал Жалиловна | | 0778112764 | |
| 12. | Райымова Гульзада Суйуновна | | 0773500076 | |
| 13. | Ярматов Маматкадыр Осмонович | Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институту | 0774717562 | |
| 14. | Турдуматова Гулбара Кутпидиновна | | 0772730311 | |
| 15. | Турсунбаева Айнура Турдубековна | Медицина факультети | 0777562368 | |
| 16. | Таабалдиева Атыргүл Кичиковна | Педагогика, искусство жана журналистика институту | 0773162474 | |
| 17. | Мамазаиров Мирлан Латипович | | 0990280016 | |
| 18. | Орозбаева Бактыкан Атантаевна | Тарых жана юридика институту | 0770357446 | |
| 19. | Базиева Алия Мансуровна | Эл аралык медицина факультети | 0550400604 | |
| 20. | Абдирайимова Назигай Абдинабиевна | Математика, физика жана информациялык технологиялар институту | 0559039753 | |
| 21. | Узакбаева Айнура Садыковна | Экономика, бизнес жана менеджмент институту | 0773604433 | |
| 22. | Адылбек кызы Айсулуу | Теология факультети | 055278968 | |
| 23. | Абдыкаарова Турдукан Момуновна | Кыргыз-кытай факультети | 0773782488 | |
| 24. | Парпиева Айсулуу Абдижалаловна | Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектеби | 0773064602 | |
| 25 | Абылкасым уулу Канат | Чыгыш таануу институту | 0777358527 | |
| 26 | Шаимкулова Өмүркан Раимбердиевна | Индустриалдык-педагогикалык колледжи | 0755554256 | |
| 27 | Арзиева Азиза Бакытовна | Ош медициналык колледжи | 0770179918 | |
| 28 | Жаанбаева Зулайка Нажимовна | Өзгөн медициналык колледжи | 0700864190 | |
| 29 | Раимбердиева Жаннат Курманбековна | Финансы-юридикалык колледж | 0771030878 | |
| 30 | Жумабаева Алтын Таштановна | Эл аралык билим берүү колледжи | 0772646979 | |
| 31 | Маликова Наргиза Пайзилдаевна | STEM инновациялык колледжи | 0779252085 | |
| 33 | Кушбакова Динара Тойчубаевна | Айыл чарба колледжи | 0505285528 | |